АЯН

АЯН 1.1-8
Тигине! Ал келатат!

[1]Иса Машаяктын аяны! Кудай ага бул аянды кызматчыларына жакында
эмне болушу керектигин көрсөтүү үчүн берди. Муну ал периштеси аркылуу өзүнүн
кызматчысы Жаканга кабарлап, маалым кылды. [2]Жакан көргөнүнүн баарын айтып
берип, Кудайдын сөзүн жана Иса Машаяктын күбөлүгүн тастыктады. [3]Ушул
пайгамбарчылыктын сөздөрүн окугандарга, уккандарга жана анда жазылгандарды
сактагандарга Кудайдын батасы тиет. Карачы, убакыт жакындап калды!
[4]Жакандан Азиядагы жети жамаатка: Азыркы, Мурдагы жана
Келечектегиден, ошондой эле анын тактысынын алдындагы жети рухтан, [5]жана да
ишенимдүү күбө, өлүүлөрдүн туңгуч төрөлгөнү, жер бетиндеги падышалардын
башкаруучусу – Иса Машаяктан ырайым жана амандык болсун. Бизди сүйүп, каны
менен күнөөлөрүбүздөн бошотуп, [6]бизден падышачылык курап, өзүнүн Кудайына
жана атасына дин кызматчы кылганга түбөлүктөн түбөлүккө даңк жана бийлик.
Оомийин.
[7]Тигине! Ал булуттар менен келатат жана аны ар бир көз көрөт. Ооба, аны
көзөгөндөр да көрөт. Ошондо дүйнөнүн бардык уруулары өкүрүшөт. Ооба!
Оомийин.
[8]«Мен Альфа жана Омегамын», – дейт Азыркы, Мурдагы жана Келе турган
Кудуреттүү Эгедер Кудай.

АЯН 1:9–20
Иса ачыкка чыкты

[9]Мен, Жакан, бурадарыңар жана азаптарды, падышачылыкты жана Исадагы
көтөрүмдүүлүктү бөлүшкөн кызматташыңар, Кудайдын сөзү жана Исанын күбөлүгү
үчүн Патмос аттуу аралда элем. [10]Эгедердин күнү рухта элем, артымдан
сурнайдыкындай бийик үндү уктум. [11]«Китептен көргөнүңдү жаз, — деди ошол үн,
— анан аны Эфестеги, Измирдеги, Пергамдагы, Фиатирадагы, Сардистеги,
Филадельфиядагы жана Лаодикиядагы жети жамаатка жибер».
[12]Ошондо мага сүйлөп жаткан үндү көрүү үчүн артыма бурулуп, жети алтын
шамдалды, [13]ортосунда чапанчан, алтын кемер курчанган «адам уулундай
бирөөнү» көрдүм. [14]Башы менен чачы аппак жүндөй, аппак кардай экен. Көздөрү
оттун жалынындай, [15]буттары меште эритилипген таптаза жездей, добушу сан
суулардын шоокумундай эле. [16]Оң колунда алты жылдыз, оозунан болсо кош
мийиздүү курч кылыч чыгып турду. Көрүнүшү бүт күчү менен чак түштө жаркырап
тийген күндөй. [17]Көрүп эле бутуна өлүктөй сулк куладым. «Коркпо, — деди ал
мага колун тийгизип, — мен биринчимин жана акыркымын, [18] жана тирүүмүн. Мен
өлүк элем, эми мына, түбөлүктөн түбөлүккө тирүү боломун. Менде ажал менен
Тозоктордун ачкычы бар. [19] Эми эмнени көрсөң — азыр жана кийинчерээк боло
тургандарды — баарын жаз! [20] Оң колумдан сен көргөн жети жылдыз менен жети
алтын шамдалдын сыры мындай: жети жылдыз — бул жети жамааттын
периштелери, ал эми жети шамдал — бул жети жамааттын өздөрү.

АЯН 2.1-7
Эфеске кат

1 Муну Эфестеги жамаатын периштесине жаз:
Бул жети жылдызды оң колуна кармап, өзү жети шамдалдын арасында
жүргөндүн сөздөрү. 2Мен сенин эмне кылганыңды, мээнетиңди жана
көтөрүмдүүлүгүңдү билем. Сен начар адамдарга чыдай албайсың, ошондуктан
өздөрүн элчибиз дегендерди текшерип, алардын жалганчы экенин билип койдуң. 3
Көп сыноолорду башыңдан кечирип, чыдап, менин ысымдын кадыры үчүн эч
талбай эмгектендиң. 4 Ошондой болсо да менин сага каршы бир нерсем бар: сен
алгач көрсөткөн сүйүүңдөн кайттың. 5 Кайдан жаза тайганыңды эстеп, тобо кыл да
алгачкы иштериңди улант. Антпесең жакында сага барам да шамдалыңды
ордунан суруп салам. 6 А бирок сенин бир нерсең — николаиттер кылып жаткан
иштерди жек көргөнүң мага жагат. Алардын иштерин мен да жек көрөм. 7Кимдин
уга турган кулагы бар болсо, рухтун жамааттарга эмне деп айтып жатканын угуп
алсын. Жеңип жыкканга Кудайдын бейишиндеги өмүр дарагынын мөмөсүнөн
жегенге укук берем.

АЯН 2.8-11
Измирге кат

8 Муну Измирдеги жамаатын периштесине жаз:
Бул сөздөр өлүп, анан кайра тирилген Алгачкы жана Акыркыныкы. 9 Мен
сенин азабыңды да, жакырчылыгыңды да билем (бирок сен байсың!)
Менменсинген иудейлердин акааратын билем. Алар иудей эмей эле шайтан-
синагога. 10 Сенин башыңа жакында келе турган азаптан коркпо. Мына, шайтан
сени сындан өткөрүү үчүн араңардан кээ бирөөлөрдү зынданга салдырып, он
күндөй кыйналасың. Ишенимге өлөөрчө бек бол, ошондо сага өмүр таажысын
берем. 11 Кимдин уга турган кулагы бар болсо рухтун жамааттарга эмне деп
айтканын уксун. Ким жеңип чыкса, ал экинчи өлүмдөн зыян тартпайт.

АЯН 2.12-17
Пергамга кат

12 Муну Пергамдагы жамаатын периштесине жаз:
Бул сөздөр эки миздүү курч кылычы бардыкы. 13 Мен сенин кай жерде
экениңди билем: сен шайтандын тактысы орнотулган жерде жашап жатасың!
Менин ысымды туу тутуп, шайтан аралаган ошол силердин шаарыңарда менин
ишенимдүү күбөм — Антипас өлтүрүлгөн күндөрдө да мага болгон ишенимден
баш тартып кеткен жоксуң. 14 А бирок сага каршы бир нече нерсем бар: сенин
ичинде Валаамдын окутуусун кармангандар бар. Ал Балакты израилдиктерге
каршы тукуруп, аларды буркандарга чалынган курмандыктарды жегенге жана
жыныстык жактан бузукулук кылганга азгырууга үйрөткөн. 15 Ошонун сыңарындай
сенин ичинде николаиттердин окутуусун кармангандар да бар. 16 Ошондуктан сен
күнөөлөрүңдү моюнга алып, алардан баш тарт, антпесең жакында сага барам да
оозумдагы кылыч менен аларга каршы согуш ачам. 17 Кимдин кулагы бар болсо
рухтун жамааттарга эмне дегенин уксун! Жеңип чыкканга жашыруун маннадан

берем. Ошондой эле ага бир ак таш берем. Ташта бир ат жазылуу болот. Ал атты кабыл алгандан башка эч ким билбейт.

АЯН 2.18-29
Тиатирага кат

[18] Муну Тиатирадагы жамааттын периштесине жаз:
Бул сөздөр көздөрү оттой жалындап, буттары таза жездей жаркыраган Кудай уулунуку. [19] Мен сенин эмне кылганыңды билем: сенин сүйүүң, кызматың, ишенимиң, чыдамкайлыгың жана азыркы кылып жаткан иштериң алгачкы кылгандарыңдан да арбын экени мага маалым. [20] Бирок да бир аз иштериңде мен сага каршымын: сен өзүн пайгамбар эсептеген Жезебе деген аялга жол бересиң. Ал менин кызматчыларымды бузуктукка жана буркандарга чалынган тамактарды жегенге окутуп жүрөт (тагыраак айтканда алдап жүрөт). [21] Мен ага бузукулугунан баш тартууга убакыт бердим эле, бирок ал баш тарткысы келген жок. [22] Мына, мен аны азап төшөгүнө жыкканы турам жана аны менен бирге бузукулук кылгандарды күнөөлөрүнөн баш тартканга чейин эзем. [23] Анын балдарын кырам, ошондо бардык жамааттар менин жүрөк түпкүрүндөгү купуя сырларды сыноочу экенимди билишет. Ар бириңер кылган ишиңерге жараша шыбагаңарды аласыңар. [24] Ал эми Жезебенин окутуусун кармабаган жана шайтандын «терең сырлар» аталган окуусуна үйрөнбөгөн Тиатиранын калган мүчөлөрү болгон силерге болсо мен мындай дейм: мен силердин башыңарга башка жүк салбайм. [25] Мен келгиче азыр эмнеңер бар болсо ошону бекем карманып жашап тургула. [26] Ким менин иштеримди аягына чейин карманып жеңип чыкса, мен ага элдердин үстүнөн болгон бийликти берем. Мен Атамдан кандай бийлик алган болсом ал да ошондой бийлик менен [27] темир аса таяк менен бийлик жүргүзүп, аларды карападай быркыратат. [28] Ошондой эле мен ага таң жылдызын берем. [29] Кимдин кулагы бар болсо рухтун жамааттарга эмне дегенин уксун!

АЯН 3.1– 6
Сардиске кат

[1] Муну Сардистеги жамааттын периштесине жаз:
Бул сөздөр Кудайдын жети рухун жана жети жылдызды кармагандын сөздөрү. Мен сенин эмне кылганыңды билем. Сен тирүү деп аталганың менен өлүксүң. [2] Ойгон! Азырынча аман тургандарың менен өлүм алдында тургандарыңды бекемде! Мен сенин иштериңдин Кудай алдында жеткилең экендигин көргөн жокмун. [3] Ошондуктан мурда эмнени кабыл алып, эмнени укканыңды эстегин да тобо кыл. Эгерде ойгонбосоң, анда мен сага ууру сымал күтпөгөн жерден келем, менин кайсы убакта келеримди сен билбейсиң. [4] Канткен менен Сардисте сенин кийимдерин булгабаган бир нече адамдарың бар. Алар ак кийим кийип менин жанымда жүрө турган болушат, анткени алар ошого татыктуу. [5] Ким жеңип чыкса ошолор сыяктуу ак кийим киет. Мен алардын ысымдарын эч качан өмүр китебинен өчүрбөйм, тескерисинче Атамдын жана анын периштелеринин алдында ачык тааныйм. [6]Кимдин кулагы бар болсо рухтун жамааттарга эмне деп айтканын уксун.

АЯН 3.7–13
Филадельфияга кат

7 Муну Филадельфиядагы жамааттын периштесине жаз:
Бул сөздөр Ыйыктыкы, Акыйкаттыкы жана Дөөттүн ачкычын кармагандыкы.
Ал эмнени ачса, эч ким кайра жаба албайт, эмнени жапкан болсо эч ким кайра ача
албайт. 8 Мен сенин иштериңди билем. Мына, мен сенин алдыңан эшикти ачып
койдум, аны эч ким жаба албайт. Сен күчтүү болбосоң да, менин сөзүмдү сактап,
менин ысмымдан баш тарткан жоксуң. 9 Шайтан-синагоганын адамдарына, өздөрү
иудей болбой туруп «биз иудейбиз» деген алдамчыларга мен мындай кылам: алар
сенин алдыңа келишип, бутуңа жыгылышат жана мен сени кандай сүйө
турганымды билип калышат. 10 Сен менин кабарыма баш ийип, чыдадың.
Ошондуктан мен сен жер бетиндегилердин баарынын башына келе турган сыноо
саатынан сактайм. 11 Мен жакында келем. Андыктан бар нерсеңди жакшылап
карман, ошондо сага сыйлык катары бериле турган таажыны эч ким уурдап
кетпейт. 12 Ким жеңип чыкса, аны Кудайымдын ибадатканасына түркүк кылып,
түбөлүккө ошол жерге орнотом. Ар бир түркүккө менин Кудайымдын, жана анын
шаары — менин Кудайым асмандан түшүрө турган жаңы Иерусалимдин атын
жана өзүмдүн жаңы атымды жазып коём. 13 Кимдин кулагы бар болсо рухтун
жамааттарга эмне деп айтканын уксун!

АЯН 3.14–22
Лаодикияга кат

14 Муну Лаодикиядагы жамааттын периштесине жаз:
Бул Оомийиндин, ишенимдүү жана чыныгы күбөнүн, Кудай
жараткандарынын башталышынын сөздөрү. 15 Мен сен кылган иштердин баарын
билем. Сен же муздак эмессиң, же ысык эмессиң. Аттиң, же муздак, же ысык
болсоңчу! 16 Бирок ысык да, муздак да эмес, жылымык болгондугуңдан сени
оозумдан бүркүп салам. 17 Сен байсынып, эч нерсеге муктаж эмесмин дейсиң.
Бирок өзүңдүн бактысыз, байкуш, жарды, сокур, жылаңач экениңди билбейсиң. 18
Байышың үчүн көөрүктөн өткөн менин алтынымды сатып ал. Ошондой эле
уятыңды жабыш үчүн менден ак кийим сатып алып кий да, көздөрүң көрсүн үчүн
көз май сатып алып майлан. 19 Мен кимди сүйсөм, бетине айтам жана аны
жазалайм. Ошондуктан күнөөлөрүңдөн бурулууга ыклас кыл. 20 Мына, мен мында,
каалганын артында туруп алып каккылап жатам. Эгерде кимде ким үнүмдү угуп,
каалгасын ачса, ичкери кирем да аны менен чогуу тамактанам. 21 Мен жеңип
чыгып, атамдын тактысында олтурам жана ким жеңип чыкса, ага да өзүмдүн
тактыман орун берем. 22 Кимдин кулагы бар болсо рухтун жамааттарга эмне деп
айтканын уксун!»

АЯН 4.1–6а
Такты орнотулган жай

1 Ушундан соң мен өйдө карап, көктө бир эшик ачылып турганын көрдүм!
Анан баягы үнү сурнайдыкындай болгон мага сүйлөгөн үн дагы сүйлөдү. «Бул
жакка чыгып кел, — деди ал, — мен сага мындан кийин эмне боло тургандыгын
көрсөтөм».
2 Ошол замат мен рухка бөлөндүм. Бет алдымда көктө так турганын жана
анда кимдир-бирөө олтурганын көрдүм. 3 Ошол олтургандын көрүнүшү яшма жана
сардис таштарындай эле. Тактыны болсо зымырыттай көк желе курчап туруптур. 4
Тактынын айланасында дагы башка жыйырма төрт такты бар эле. Аларда болсо

ак кийимчен, алтын таажычан жыйырма төрт аксакал олтурушуптур. [5] Тактынын тараптан чагылган жарк этип, күн күркүрөп, катуу дабыштар чыгып жатты. Тактынын алдында болсо жети шам жалтылдап күйүп турду. Булар Кудайдын жети руху болуучу. [6a] Тактынын алдында дагы айнектей тунук, кристаллдай таза болгон көл сыяктуу бир нерсени көрдүм.

АЯН 4.6b–11
Жаратканды даңазалоо

[6b] Ортодо, тактынын айланасында, төрт жаныбар туруптур. Алардын алдында да, артында да жыбыраган көздөрү бар эле. [7] Биринчиси арстанга, экинчиси өгүзгө окшош, ал эми үчүнчүсүнүн бети болсо адамдын бети сыяктуу, төртүнчүсү учуп бара жаткан бүркүт сыяктуу эле. [8] Ар биринин алтыдан канаты бар болуп, канаттары бардык жагынан, алтургай ичинен да жыбыраган көздөргө жык толгон эле. Алар күн-түн дебей, эч тынбастан мындай деп жатышты:

«Кудуреттүү Жараткан Теңир ыйык, ыйык, ыйык.
Ал мурда да бар болгон, азыр да бар, келечекте да бар болот!»

[9]Жаныбарлар ошол тактыда олтурган, кылымдардан кылымдарга түбөлүк Жашаганды даңктап, мактап, ага рахмат айтып жатышканда [10] жыйырма төрт аксакал тактыда олтургандын алдына жыгылышып, таазим кылышып, тактысынын алдына таажыларын коюп туруп, анан мындай дешти: [11] «Оо биздин Эгедер Кудайыбыз, сен урматтоону, даңктоону жана шаң-салтанатты кабыл алууга татыктуусуң. Анткени бардык нерселерди сен жараткансың, бардык нерселер сенин эркиң менен жаратылган жана бардык нерселер сенин эркиң менен бар болуп турат».

АЯН 5.1–7
Арстан. Козу.

[1] Тактыда олтургандын оң колунан бир түрмөктү көрдүм. Түрмөк ичинен да, тышынан да жазуусу болуп, жети мөөр басылып бекитилиптир. [2] Анан катуу үн менен: «Ким мөөрлөрдү сындырып, түрмөктү ача алат?» — деп жар салган бир күчтүү периштени көрдүм. [3] Бирок асмандан да, жерден да, жердин астынан да ошол түрмөктү ача ала турган же анын ичин карай ала турган эч ким чыкпады. [4] Мен боздодум, анткени түрмөктү ачып же ичин карай турган эч ким жоктой сезилди. [5] Ошондо аксакалдардын бири мага кайрылып:

— Ыйлаба, тигине, Иуда уруусунан чыккан арстан — Дөөттүн тукумун карачы! Ал жеңип чыкты. Түрмөктү ачып, анын жети мөөрүн ошол сыйрый алат, — деди.

[6] Анан мен төрт жаныбар менен аксакалдардын курчоосунда турган тактынын ортосунан бир кочкорду көрдүм. Ал мага союлгандай көрүндү. [7] Ал келди да тактыда олтургандын оң колунан түрмөктү алды.

АЯН 5.8–14
Татыктуу кочкор.

[8] Кочкор түрмөктү алганда төрт жаныбар менен жыйырма төрт аксакал анын алдына жыгылышты. Ар биринин колунда бирден арфа бар эле. Алар жытуу заттарга толгон алтын чөйчөктөрдү кармап турушту. (Алтын чөйчөктөр — бул ыйыктардын сыйынуулары) [9] Анан алар төмөнкүдөй бир жаңы ыр ырдашты:

— Сен түрмөктү алып, анын мөөрлөрүн сыйрыганга татыктуусуң, анткени сен союлгансың жана өз каның менен бардык уруулардан, тилдерден, элдерден жана улуттардан Кудайга адамдарды сатып алдың. [10] Сен аларды өзүнчө бир падышачылык болуу үчүн жана биздин Кудайыбызга кызмат кыла турган дин кызматчылары болуу үчүн тандап алдың. Алар жер бетинде падышачылык кылышат.

[11] Карап турганымда көптөгөн, миң-миң, түмөн-түмөн периштелердин үнүн уктум. Алар тактыны, заттарды жана аксакалдарды тегеректеп алышты. [12] Анан катуу үн менен мындай деп жатышты:

«Союлган кочкор татыктуу
күч-кудуретке, байлыкка, акылмандыка,
кайратка, урмат-сыйга, атак-даңкка, мактоого!»

[13] Анан мен асмандагы, жердеги, жер астындагы, деңиздеги жана алардын ичиндегилердин баары ырдап жатышканын уктум:

«Тактыда Олтурганга жана кочкорго
түбөлүккө мактоо, урмат, даңк жана бийлик!»

[14] Ошондо төрт жаныбар: “Оомийин” — деп – боздошту. Аксакалдар болсо жерге жыгылып, таазим кылышты.

АЯН 6.1–8
Төрт атчан киши

[1] Ушундан кийин буларды көрдүм. Кочкор жети мөөрдүн бирин ачканда төрт жаныбардын бири күн күркүрөгөндөй добуш менен: «Кел!» — деди. [2] Мен карай салсам, бет алдымда бир ак ат туруптур! Чабандесинин жаасы бар экен. Ага бир таажы берилди жана ал жеңүү үчүн чыккан жеңип алуучудай түр менен чыкты.

[3] Кочкор экинчи мөөрдү ачканда экинчи жаныбардын: «Кел!» — дегенин уктум. [4] Анан кийинки ат чыкты. Ал жээрде ат экен. Аны мингенге жер бетинен тынчтыкты алып, адамдарды бири-бирин кырдыра турган бийлик берилди. Ошондой эле ага чоң кылыч берилди.

[5] Кочкор үчүнчү мөөрдү ачканда үчүнчү жаныбардын: «Кел!» — дегенин уктум. Карасам бет алдымда капкара ат туруптур. Аны мингендин колунда эки тараза бар эле. [6] Анан мен төрт жаныбардын арасынан: «Бир чейрек буудай үчүн бир динарий, үч чейрек таруу үчүн да бир динарий, ал эми май менен шарапка зыян кылба!» — деген бир үндү уктум.

[7] Төртүнчү мөөрдү сыйрыганда мен төртүнчү жаныбардын: «Кел!» дегенин уктум. [8] Карай салсам бет алдымда бир куба ат туруптур. Аны минген чабандестин ысымы Ажал экен. Тозок артынан ээрчип алыптыр. Аларга жердин төрттөн бир бөлүгүн кылыч, ачкачылык, ооруу жана жердин жырткычтары менен кыра турган бийлик берилди.

АЯН 6.9–17
Сот күнү келатат!

9 Кочкор бешинчи мөөрдү сыйрыганда мен курмандык чалчу жайдын
астынан Кудайдын сөзү үчүн жана берген күбөлүктөрү үчүн союлгандардын
жандарын көрдүм. 10 Алар үндөрүнүн барынча катуу үн менен кыйкырып
жиберишти. «Ыйык жана чыныгы Устат! — дешти алар, — жер бетинде
жашагандарды качан соттойсуң? Биздин каныбыздын кунун качан төлөтөсүң?» 11
Анан алардын ар бирине ак кийим берилип, дагы бир аз — алар сыяктуу эле
өлтүрүлө турган кызматташтар менен боордоштордун саны толгуча күтө
туруулары керектиги айтылды.
12 Анан кочкордун алтынчы мөөрдү сыйрып жатканын карап турдум. Ошондо
өтө чоң зилзала болду. Күндүн көзү карарып, эчкинин жүнүнөн жасалган зумбал
кийингендей болуп калды. Ай толугу менен кыпкызыл кандай боёлду. 13
Жылдыздар бороондон улам термелген анжирдин кечки жемиштериндей болуп
жерге күбүлүп түшүп калышты. 14 Асман болсо түрмөк сымал оролуп жок болуп
кетти. Бардык тоолор менен аралдар ордуларынан жылды. 15 Анан жердеги
падышалар, төрөлөр, аскербашылар, байлар, алдуулар, кулдар жана эркин
адамдар тоолордогу аскалардагы үңкүрлөргө жашынышты. 16 «Үстүбүзгө кулап,
бизди тактыда олтурган менен кочкордун каарынан жүзүнөн калкалагылачы! —
дешти алар тоолор менен аскаларга. — 17 Анткени алардын каары жаай турган
улуу күн келди. Ким ага чыдап тура алат?»

АЯН 7.1–8
Кудайдын адамдарына мөөрдүн басылышы

1 Ушундан соң жердин төрт бурчунда жерге да, деңизге да, эч кандай
даракка да сокпосун үчүн жердин төрт шамалын кармап турган төрт периштени
көрдүм. 2 Анан колунда тирүү Кудайдын мөөрү бар бир периштенин чыгыш
тараптан келе жатканын көрдүм. Ал жерге жана деңизге зыян кылууга бийлик
берилген төрт периштеге: 3 «Кудайыбыздын кулдарынын маңдайына мөөр басып
бүткүчө жерге да, деңизге да, дарактарга да зыян кылбагыла!» — деп катуу үн
менен кыйкырды.
4 Мен мөөр басылгандардын санын уктум: Израилдин бардык урууларынан
жүз кырк төрт миң. 5 Иуда уруусунан он эки миң, Рубин уруусунан он эки миң, Гад
уруусунан он эки миң, 6 Ашир уруусунан он эки миң, Нафтали уруусунан он эки
миң, Манасия уруусунан он эки миң, 7 Ысман уруусунан он эки миң, Левит
уруусунан он эки миң, Иссахар уруусунан он эки миң, 8 Зебулун уруусунан он эки
миң, Жусуп уруусунан он эки миң, Бенжамин уруусунан он эки миң. Ушунча кишиге
мөөр басылыптыр.

АЯН 7.9–17
Чоң куткарылуу

9 Ушундан соң карай салсам, мына сага, тактынын жана козунун алдында
санаса сан жеткис, ал улуттан, уруудан, калктан жана тилден чыккан эл туруптур!
10 — Куткарылуу тактыда олтурган биздин Кудайыбыздын жана курмандыкка
чалынган Кочкордун колунан келди! — деп катуу үн менен алар кыйкырышты. 11
Тактынын, аксакалдардын жана төрт жаныбардын айланасында турган

периштелердин баары тактынын алдына жүзтөмөндөп жыгылышып, Кудайга табынышты.
12 — Оомийин! — дешти алар. — Мактоо да, даңк да, акылмандык да, рахмат да, урмат да, бийлик да, кубат да түбөлүктөн түбөлүккө биздин Кудайыбызга болсун!
13 Ушундан кийин аксакалдардын бири менден:
— Мына бул ак кийимчендер кимдер? Булар кайдан келишти? — деп сурады.
14 —Таксыр, сиз тааныйсыз да, — деп жооп бердим. Ошондо ал мындай деди:
— Булар улуу кайгы күндөрүнөн келишкендер. Алар кийимдерин жууп, Кочкордун каны менен агартышкандар. 15 Ошондуктан алар Кудайдын тактысынын алдында турушат жана анын ыйбадатканасында ага күн-түн дебей кызмат кылышат. Тактыда олтурган болсо өзү аларга баш паана болот. 16 Ал эми эч качан ачка болушпайт, эч качан суусашпайт. Күн алардын мээсин куйкалабайт, ысык баштарына өтпөйт. 17 Анткени тактынын ортосундагы кочкор алардын чабаны болуп, аларды тирүү суунун булактарына баштап барат. Кудай алардын көзүнөн аккан ар бир жашты сүртүп таштайт.

АЯН 8.1–5
Алтын чөйчөк

1 Кочкор жетинчи мөөрдү ачканда көктө жарым сааттай жымжырттык боло түштү. 2 Анан мен Кудайдын алдында турган жети периштени көрдүм. Аларга жети сурнай берилди. 3 Алардан башка дагы бир, алтын чөйчөк кармаган периште келип курмандык чалчу жайдын жанына туруп калды. Бардык ыйыктардын сыйынуулары менен бирге тактынын алдындагы алтындан жасалган курмандык чалчу жайга койсун үчүн ага көп жыпар жыттуу заттар берилди. 4 Жыпар жыттуу заттын түтүнү ыйыктардын сыйынуулары менен бирге периштенин колунан чыгып, Кудайдына алдына көтөрүлдү. 5 Анан периште чөйчөктү алды да курмандык чалчу жайдан алынган чок менен аны толтуруп, жерге чачып жиберди. Ошондо күн тарсылдап, дүңгүрөгөн үндөр чыгып, чагылгандар чартылдап, жер титиреди.

АЯН 8.6–13
Оорулардын башталышы

6 Анан жети сурнайы бар алиги жети периште сурнайды үйлөөгө камынышты. 7 Биринчи периште сурнайын үйлөгөндө жерге канга аралашкан мөндүр менен от жаады. Дарактардын үчтөн бир бөлүгү менен бардык көк чөп күйүп кетти. 8 Экинчи периште сурнайын тартканда жалындап күйүп жаткан тоодой болгон бирдеме деңизге кулап түштү. Деңиздин үчтөн бир бөлүгү канга айланды. 9 Деңизде жашагандардын үчтөн бир бөлүгү өлдү жана кемелердин үчтөн бири кыйрады. 10 Үчүнчү периште сурнайын тартканда шамдай күйгөн бир чоң жылдыз асмандан кулап түшүп, дарыялар менен булактардын үчтөн бирин басып калды. 11 Жылдыздын аты — Уулуу. Суулардын үчтөн бири ачуу болуп, көп адамдао ошол ачуу болуп калган суудан каза табышты. 12 Төртүнчү периште сурнайын тартканда күндүн, айдын жана жылдыздардын үчтөн бир бөлүгүнө сокку тийип, карайып кетти. Күндүз да, түндө да убакыттын үчтөн бири жарыксыз калды. 13 Карап турганымда асмандын ортосунда учуп келе жаткан бүркүттүн: «Оо, кайгы, кайгы,

кайгы! Калган дагы үч периштенин сурнайларынын үнү жерде жашагандардын шорун шорподой кайнатат!» - деп кыйкырганын уктум.

АЯН 9.1–12
Чегирткелердин басышы

1 Анан бешинчи периште сурнайын тартты. Мен көктөн бир жылдыз жерге
кулап түшүп баратканын көрдүм. Жылдызга түпсүз караңгылыктын туңгуюгунун
ачкычы берилди. 2 Ошол туңгуюк ачылганда чоң мештен чыккандай түтүн буралып
чыкты. Ошол түтүндөн күн менен аба капкара болуп калды. 3 Түтүндөн
чегирткелер чыгышты жана аларга чаяндардыкындай күч-кубат берилди. 4 Аларга
жер бетиндеги эч бир чөп, өсүмдүк, дарактарга зыян келтирбестен чекесинде
Кудайдын мөөрү жок адамдарга гана зыян кылгыла деп айтылды. 5 Аларга
адамдарды өлтүрбөстөн беш ай кыйнагыла деп айтылды. Алар кыйнаганда чаян
чаккандай ооруйт. 6 Ошол күндөрдө адамдар өлүмдү издешет, бирок аны таба
алышпайт. Өлгүсү келишет, бирок өлүм алардан качып кетет.
7 Чегирткелердин көрүнүшү согушка даярдалган аттардыкындай эле.
Баштарында алтындан жасалгандай таажылар бар эле. Беттери болсо
адамдардыкындай эле. 8 Чачтары аялдардыкындай, тиштери арстандардыкындай
болчу, 9 кийинген зооттору темирден жасалгандай, 10 куйруктары
чаяндардыкындай эле. Куйруктары менен чаян чаккандай чага алчу. Аларга беш
ай бою зыян кыла турган бийлик берилди. 11 Чегирткелердин падышасы
туңгуюктун периштеси эле. Аты еврейче Абаддон, грекче Аполлион.
12 Биринчи балээ келип, өтүп кетти. Кийинки эки балээ ушундан кийин
келишет.

АЯН 9.13–21
Ырайымсыз атчандар

13 Анан алтынчы периште сурнайын тартты. Ошондо Кудайдын алдында
турган алтындан жасалган курмандык чалчы жайдын төрт мүйүзүнөн 14 сурнайчан
алтынчы периштеге кайрылып сүйлөгөн бир үндү уктум.
— Төрт периштени бошот! — деди ошол үн. — Алар улуу дарыя Евфратта
байлануу да. 15 Ошондо адамдардын үчтөн бир бөлүгүн өлтүрүү үчүн так ушул
саатка, күнгө, айга жана жылга даяр турушкан төрт периште бошотулду. 16 Атчан
аскерлердин саны эки жүз миллион экен. (Мен алардын санын уктум.) 17 Карасам,
аттар менен чабандестердин көрүнүшү мындай болчу: алардын төшүндөгү
зооттору кочкул, кара-көк, күкүрттөй сары. Аттардын башы арстандардыкындай,
ооздорунан болсо түтүнгө аралаш от менен күкүрт чачырап турду. 18 Алардын
оозунан чыккан ушул үч балекеттен адамдардын үчтөн бир бөлүгү өлдү. 19
Анткени аттардын күчү алардын оозу менен куйруктарында эле. Куйруктары болсо
жыландарга окшоп, баштуу эле да ошол баштары менен зыян кылып жүрүштү.
20 Ушул балакеттерден өлбөй калган башка адамдар болсо кылган
иштеринен дале баш тартышкан жок. Алар иблистерге жана көрө, уга, баса
албаган алтындан, күмүштөн, калайдан, таштан, жыгачтан жасалган буркандарга
табынганын токтотушпады. 21 Алар канкордуктарынан, сыйкырчылыктарынан,
бузукулуктарынан, уурулуктарынан ниеттерин кайт кылышпады.

АЯН 10.1–11

Кичинекей түрмөк

1 Анан мен булутка чулганып көктөн түшүп келе жаткан дагы бир күчтүү
периштени көрдүм. Башын асан-үсөн ороп, бети күн сыяктуу жаркырап, буту оттуу
мамылар сыяктуу элен. 2 Колунда ачылуу китеп бар эле. Оң бутун деңизге, сол
бутун жерге коюп, 3 катуу үн менен, арстандай айкырды эле жети күн күркүрөө
күркүрөп жооп беришти. 4 Жооп беришкенде дароо жазайын деп колума калем
алганымда асмандан мага үн угулду. «Жазба! — деди ошол үн, — жети күн
күркүрөөнүн айтканын жашырып кой!».
5 Анан деңизде жана жерде турган периште колун жогору көтөрүп, 6
түбөлүктөн түбөлүккө жашоочу, асман-жерди, деңизди жана андагынын баарын
жараткан Кудайдын атынан мындай деп ант берди:
— Мындан ары убакыт болбойт! 7 Жетинчи периште сурнайын тартканда
Кудай өзүнүн пайгамбарларына жарыя кылган жашырын планын ишке ашырат!
8 Анан баягы көктөн чыккан үн мага кайра сүйлөдү.
— Бар, — деди ал, — деңиз менен жерде турган периштенин колунан
түрмөктү ал да ичин ач. 9 Мен периштеге бардым да:
— Мага түрмөкчөнү берчи, — дедим.
— Ме, — деди ал түрмөкчөнү сунуп, — же. Бул курсагыңда ачуу болот,
бирок оозуңда балдай таттуу болот. 10 Мен китепти периштенин колунан алдым да
жеп жибердим эле оозумда балдай таттуу, бирок жутуп жибергенден кийин
ашказанымда ачуу болду. 11 Анан периште мага кайрылып:
— Көптөгөн улуттар, элдер, тилдер жана падышалар тууралу Кудайдын
кабарын сен кайрадан жарыялашың керек, — деди.

АЯН 11.1–14
Эки күбө

1 Анан мага жер ченегич сыяктуу таяк берилди.
— Бар да Кудайдын ибадатканасы менен андагы курмандык чалчу жайды
ченеп, ибадатканада табынып жаткандарды санап кел! — деди үн мага кайрылып,
2 бирок ибадатканын сырткы короосун эсептебе, анткени ал мамлекеттерге
берилген. Ыйык шаар кырк эки ай бою алардын таман алдында тепселенет. 3
Ушундан соң мен зумбал кийген эки жарчымды жиберем. Алар бир миң эки жүз
алтымыш күн бою менин сөзүмдү жарыялашат. 4 Алар — жер Кудайынын алдында
кызмат кылып турган эки май дарагы менен эки чырак. 5 Бул эки жарчыга зыян
кылгысы келген душмандарды, алардын оозунан бүркүлгөн от куйкалайт. 6 Алар
Кудайдын сөзүн жарыялап жатышкан кезде жерге жамгыр жаадыртпай коюга,
сууну канга айландырууга кудуреттери жетет. Ошондой эле жер бетин каалаган
убагында ар кандай балээлер менен да жабырката алышат. 7 Алар Кудайдын
сөзүн жар салып бүтүшкөндө туңгуюктан бир жырткыч чыга калып, аларга кол
салат да өлтүрөт. 8 Ошондо алардын сөөгү өздөрүнүн Эгедери да айкаш жыгачка
керилип өлтүрүлгөн, рухий Содом жана Мисир деп аталган улуу шаардын
көчөсүндө жатып калат. 9 Бардык эл, уруу, тил, улуттардан чыккан адамдар
алардын сөөгүн сонуркап карашат, көргө койдурушпайт. 10 Жердиктердин табасы
канып, бири-бирине белектерди жиберишип, жыргап-куунашат. Себеп дегенде бул
эки пайгамбар абдан алардын чыкыйына тийишкен болчу.
11 Анан үч күндөн кийин бул пайгамбарлардын денесин Кудай кайра жан
салып, бутуна тургузат. Баягы тамаша кылып карагандардын үрөйлөрү учуп, жаны
чыгат. 12 Ошондо көктөн: «Бул жакка чыккыла!» — деген катуу добушту угушат да
булут минип баягы экөө душмандарынын көзүнчө көккө көтөрүлүп кетишет. 13 Алар

чыгып кетээр замат эле катуу зилзала болуп, шаардын ондон бир бөлүгү кыйрап, жети миң адам өлөт. Калган адамзат жандарынан түңүлүп, көктөгү Эгедерди даңкташат.
[14] Мына, экинчи Балээ ушундай болуп өттү. Эми бир аздан соң үчүнчүсү келет.

АЯН 11.15–19
Жеңиш ыры

[15] Жетинчи периште сурнайын тартканда көктөн катуу үндөр угулду.
— Бул дүйнөнүн падышачылыгы биздин Эгебизге жана анын Машаягына өттү! — дешти ошол үндөр. Мындан ары кылымдардан кылымга Машаяк падыша болот! [16] Кудайдын алдында өздөрүнүн тактыларында олтурган жыйырма төрт аксакал жүзтөмөндөп жыгылышып, Кудайга табынышты.
— Оо Азыркы жана Мурдагы, Кудуреттүү Кудай! Биз сага рахматыбызды айтабыз! — дешти алар, — анткени сен азыр улуу күч-кудуретиңди колго алып, тактыга олтурдуң! Кудайсыздар чектен чыгып кетишкенде сенин каарың келди. Өлүктөргө сот жүргүзүп, ал эми кулдарыңа, пайгамбарларыңа, ыйыктарыңа, сенин ысмыңдан ыйбаа кылган улуу-кичүүгө сыйлык берип, жерди жабыркаткандардын ойронун чыгара турган убагың келди!
[19] Анан көктөгү Кудайдын ибадатканасы ачылып, ичинен анын осуят сандыгы көрүндү. Чагылгандар чартылдап, күнгүрөнгөн үндөр чыгып, күн күркүрөп, жер силкинип, катуу мөндүр сабалады.

АЯН 12.1–6
Аял жана Ажыдаар

[1] Анан көктө бир тири укмуш жышаан көрүндү: бир аял күндү көйнөк кылып кийинип, айды бут алдына тепсеп, он эки жылдызды башына таажыдай кылып ороп алыптыр. [2] Кош-бойлуу экен, ай-күнү жетип, толготунан кыйкырып жатты. [3] Аңгыча асмандан дагы бир жышаан пайда: жети баштуу, он мүйүздүү бир эбегейсиз чоң кыпкызыл ажыдаар көрүндү. Ар бир башында бирден таажычасы бар эле. [4] Куйругу менен жылдыздардын үчтөн бирин жерге шыпыра чапты. Анан баягы толготуп жаткан аялдын алдына туруп, баласын төрөлөөрү менен жутмакка камынды. [5] Аял эркек бала төрөдү. Ал кийин бардык элдерди темирдей катуу бийлик менен башкарат.
Периште аны ажыдарга жуткурбай дароо илип кетип, Кудайга жана анын тактысынын алдына алып барды. [6] Аял болсо ээн чөлгө качты. Кудай ага ошол жактан орун даярдап, аны бир миң эки жүз алтымыш күн каратмак эле.

АЯН 12.7–18
Ажыдаардын ачуусу

[7] Анан асманда согуш болуп, Михаил жана анын шериктери ажыдар жана анын периштелерине каршы, ажыдар жана анын периштелери болсо Михаил менен анын периштелерине каршы согушту. [8] Бирок да ажыдар туруштук бере албады. Ошондуктан аларга асманда калууга тыюу салынды. [9] Чоң ажыдар,

жанагы азгыруучу же шайтан деп аталган жана бүт ааламды алдаган байыркы жылан, бардык шериктери менен кошо төмөн кулатылды. [10] Ушундан соң асмандан бийик чыккан добуш угулду:

— Кудайыбыз куткаруучу кудуретин көрсөттү! Кудайыбыздын падышачылыгы келди! Кудайдын Тандаганы өзүнүн бийлигин орнотту. Шайтан биздин адамдарыбызды Кудай алдында күн-түн дебей айыптачу эле. Эми ал төмөн ыргытылды! [11] Бурадарларыбыз Шайтанды Кочкордун каны жана Кудайдын кабары менен жеңишти. Алар өз өмүрлөрүн да берүүгө даяр болушту. [12] Асман кубансын, анда жашагандар да чогуу шаттанышсын. Ал эми жер менен деңизге кайгы. Анткени азгыруучу жерге ыргытылды. Ал убактысы аз калганы билет. Андыктан ал абдан ачуулуу.

[13] Ажыдар ылдый, жерге ыргытылганын билгенде эркек бала төрөгөн аялга зыян кылууга жулунду. [14] Бирок аял чөлгө учуп кете алсын үчүн ага чоң бүркүттүн кош канаты берилди. Аял ал жакта жыландан кутулуп, бир убакыт, эки убакыт жана жарым убакытка чейин кароодо болушу керек. [15] Жылан аялды агызып кетирүү үчүн дайрадай болгон сууну бүркүп жиберди. [16] Бирок жер аялга жардам берип, ажыдардын оозунан чыккан сууну соруп алды. [17] Бул ажыдардын аялга карата кыжырын ого бетер кайнатты. Ошондуктан ал аялдын калган балдарына чабуул койду. Бул балдар — Кудайдын осуяттарын жана Исанын күбөлүгүн сактагандар. [18] Ажыдар болсо деңиздин жээгиндеги кумда турду.

АЯН 13.1–10
Биринчи монстр

[1] Анан деңизден чыгып келе жаткан бир монстрды көрдүм . Анын жети башы, он мүйүзү бар эле. Мүйүздөрүнүн баарында тең тажыча кийилиптир. Баштарына болсо акаарат аттар жазылыптыр. [2] Тулку бою сүлөөсүндөй, буттары аюнун буттарындай, ал эми оозу арстандын оозундай экен. Ажыдаар кудуретин, тактысын жана зор бийлигин ушул монстрга өткөрүп берди. [3] Мунун жети башынын бири союлуп, өлтүрүлгөндөй көрүндү, а бирок ал кайра сакайып калды. Жер бетиндегилердин баары жырткычка таңданып, [4] ага өз бийлигин берген ажыдарга таазим кылышты. Алар монстрга да табынышты.

— Монстрдай ким бар? — дешти алар, — ким аны менен согуша алат? [5] Монстр текебер сүйлөп, акаарат келтирип, кырк эки ай бийлик кылууга укук алды. [6] Монстр Кудайды, анын анын ысмын, анын турагын жана аны менен бирге көктө жашоочулардын баарына тил тийгизди. [7] Ага Кудайдын ыйык адамдарына чабуул коюп, аларды багынтууга уруксаат кылынды жана бардык урууларды, улуттардын, тилдердин үстүнөн бийлик берилди. [8] Өлтүрүлгөн кочкордун китебине аалам жаралардан мурда аттары жазылбагандардын баары монстрга таазим кылышты.

[9] Кимдин кулагы бар болсо уксун!

[10] Кетчүлөр кетет туткунга. Өлчүлөр өлөт кылычтан. Андыктан Кудайдын ыйык адамдары көтөрүмдүү жана ишеничтүү болууга үйрөнүшү керек.

АЯН 13.11–18
Экинчи монстр

[11] Ушундан соң мен жерден чыгып келе жаткан дагы бир монстрду көрдүм. Анын кочкордукундай эки мүйүзү болуп, ажыдардай сүйлөйт экен. [12] Ал катуу

жаракаты сакайып калган монстрга кызмат кылып, анын бүт бийлигин өткөрүп
алып, жерди жана андагылардын баарын ошого таазим кылдырууга колдонду. 13
Укмуштарды көрсөтүп, баарынын көзүнчө көктөн от түшүргөнгө чейин барды. 14
Баягы биринчи монстрдун алдында укмуштарды көрсөтүүгө уруксат алып, жер
бетинде жашаган элдердин баарын алдап, кылычтан катуу жаракат алып, бирок
өлбөй аман калган ошол биринчи монстрдун бурканын жасаттырууга үндөдү. 15
Буркан сүйлөп, ага табынбагандарды өлтүрүүсү үчүн, экинчи монстрга ошол
бурканга жан киргизгидей күч берилди. 16 Адамзаттын баары оң колуна же
чекесине мөөр бастырууга мажбур болушту. Улуу-кичүү, бай-кедей, азат-кул дебей
баары ушул мөөрдү бастырыш керек болду, 17 антпесе эч нерсе сатып ала да, сата
да албай калышмак. Бул мөөрдө болсо жанагы жырткычтын аты же анын атынын
саны бар.
18 Мында акылмандык керек. Акылдуулар аны чечмелеп алышсын, анткени
ал адамдын саны! Анын номуру — Алты Жүз жана Алтымыш Алты.

АЯН 14.1–15
Кочкордун тандалган согушчандары

1 Карап турсам, Сион тоосунда кочкор туруптур. Аны менен бирге жана анын
атасынын ысмы чекелерине жазылган жүз кырк төрт миң киши аны тегеректеп
алган. 2 Аңгыча асмандан бир үн чыкты. Ал үн кирген суунун шоокумундай, күн
тарсылдагандай, ал тургай арфисттер күү чертип жаткандай эле. 3 Анан жерден
куткарылган жүз кырк төрт миң киши ак тактынын, төрт жаныбардын жана
аксакалдардын алдында жаңы ыр ырдашты. Булардан башка эч ким ал ырды
үйрөнө албады. 4 Булар өздөрүн эч качан аялдар менен булганбагандар.Алар
кочкордун артынан калбай ээрчигендер. Кудайга жана кочкорго белек кылуу үчүн
адамзаттан терилген тунгуч жемиштер. 5 Алар эч качан жалган сүйлөшпөгөн аруу
адамдар.

АЯН 14.6–13
Чыдамкайлыкка чакыруу

6 Анан мен дагы башка периштени көрдүм. Ал дүйнөдөгү бардык улуттар
менен урууларга, ар кандай тилдерде сүйлөгөн элдерге түбөлүк сүйүнчү кабар
жарыялаганы көк асмандын ортосунда учуп баратыптыр. 7 Ал мындай деп
кыйкырып, жар салды: “Кудайдан ыйбаа кылып, аны урматтагыла! Бардыгы Кудай
тарабынан соттоло турган убакыт келди. Асманды, жерди, мухиттерди жана
бардык булактарды жараткан Кудайга таазим кылгыла!” 8 Анын артынан дагы бир
периште учуп баратты. Ал мындай деп жар салды:
— Улуу Вавилон шаарынын таш-талканы чыкты! 9 Акырында үчүнчү
периште жар салды:
— Эгерде жырткычка жана анын бурканына табынсаңар, анын мөөрүн
чекеңерге же колуңарга бастыртсаңар, 10 анда каар чынысына мелт-калт
толтурулган Кудайдын каарынан жасалган шарапты ичип, ыйык периштелер
менен кочкордун алдында күйүп жаткан күкүрттүү отко куйкаланасыңар. 11
Силерди куйкалап жаткан оттун түтүнү түбөлүктөн түбөлүккө созолоно берет.
Жырткычка жана анын бурканына табынгандар, анын атынын мөөрүн
бастырткандардын жаны күнү-түнү эч жай албайт.
12 Кудайдын адамдары чыдамкайлыкка үйрөнүшү керек. Алар ошондой эле
Кудайдын осуяттарына баш ийип, Исага ишениши керек.

[13] Анан мен асмандан:
— Муну жазгын, Эгедерге ишенип жүрүп өлгөндөргө Кудай батасын берет, — деди. Рух ага мындай жооп берди:
— Ооба, — дейт рух, — алар оор эмгектеринен эс алышат, кылган мээнетинин үзүрүн көрүшөт.

АЯН 14.14–20
Түшүмдү жыйноо

[14] Анан көз салсам аппак булут көрүндү. Анда олтургандын көрүнүшү адам уулунукундай эле. Алтын таажы кийип, курч орок кармап алыптыр. [15] Анан ибадатканадан дагы башка бир периште чыкты да ага катуу добуш менен мындай деди:
— Жер бетинде эгин бышып, оруу-жыюу маалы келди, ошондуктан орогуңду ишке киргиз! [16] Булут минген неме орогун жерге шилтеп, жердеги эгинди оруп алды.
[17] Анан көктөгү ыйбадатканадан курч орок кармаган дагы бир периште чыкты. [18] Анын курмандык чалчу жайдан отко бийлиги жүргөн дагы башка периште чыгып курч орокчонго абдан катуу үн менен:
— Жердеги жүзүм бышты! Орогуңду шилте да шиңгилдерин кесип ал! — деди. [19] Периште жерге орогун салып, андагы жүзүмдү кесип алды да аны Кудайдын улуу каарынын жүзүм сыккычына ыргытты. [20] Жүзүм сыккыч шаардын сыртында эле. Жүзүм шиңгилдери ошол жүзүм сыккычка ныгырылганда андан аткан кан ат көмөрлүк болуп, үч жүз чакырымдан ашык аралыкты басып калды.

АЯН 15.1–8
Акыркы балээлерди эскертүү

[1] Анан асмандан дагы башка укмуш, таң калыштуу белгини көрдүм: жети периште калган жети балээни алып келе жатыптыр. Ушул балээлер өтүп кеткен соң Кудайдын каары жанат. [2] Анан от менен аралаштырылган айнек деңиз сыяктанган бир нерсени жана анда турушкан адамдарды көрдүм. Бул адамдар монстрду, анын бурканын жана анын атынын санын жеңип чыккандар. Алар Кудайдын арфаларын кармап, [3] Кудайдын кулу Мусанын жана кочкордун ырын ырдашты:

Кудуреттүү Кудай Эгедер,
Оо улуттардын Падышасы!
Улуу, укмуш иштериң!
Бийик жана акыйкат сенин жолдоруң,
[4] Эгедер, сенден ким коркпойт да
Сенин улуу ысмыңды ким урматтабайт?
Анткени сен гана ыйыксың!
Алдыңа бардык улуттар келип табынышат!
Анткени сенин сотуң ачыкка чыкты.

[5] Ушундан кийин карасам көктө «күбөлүктүн чатырынын» ыйбадатканасы ачылды. [6] Ошондон жети балээни алып келе жаткан баягы жети периште чыгып келе жатты. Периштелер аппак кийим кийип, алтын кемер курчанып алышкан. [7] Ошондо төрт жаныбардын бирөөсү жети периштенин ар бирине бирден алтын

чөйчөк берди. Бул чөйчөктөр болсо түбөлүктүү Кудайдын каарына толтурулган эле. [8] Ыйбадаткана бир заматта Кудайдын шаңы менен кудуретинен чыккан түтүнгө толуп, жети периште калган жети балээни төккүчө эч ким анын босогосун аттай албады.

АЯН 16.1–9
Алгачкы төрт балээ

[1] Анан Ибадатканадан жети периштеге карата айтылган катуу үндү уктум.
— Жөнөгүлө, Кудайдын каары толтурулган жети чаканы жерге төккүлө! — деди ал үн. [2] Биринчи периште чөйчөгүндөгүнү жерге төктү эле баягы монстрдун белгиси бар жана анын бурканына табынгандардын денесине жийиркеничтүү жана сыздатып ооруткан жаралар чыкты. [3] Экинчи периште чөйкөсүндөгүнү деңизге төктү эле деңиз ошол замат өлгөн адамдын канындай болуп, андагылардын баары кырылды. [4] Үчүнчү периште чакадагысын дарыялар менен булактарга төктү эле алар да ошол замат канга айланышты. [5] Ушундан кийин мен сууга башчылык кылган периштенин мындай дегенин уктум:
— Сен Азыркысың жана Мурдагысың! Сен ыйыксың жана адилеттүүсүң! Сен адил өкүм чыгардың, [6] анткени алар ыйыктар менен пайгамбарлардын канын төгүштү, ошондуктан сен аларга кан ичирдиң. Буга алар татыктуу! [7] Анан мен курмандык чалчу жайдын мындай жооп бергенин уктум:
— Ооба, Кудуреттүү Эгедер Кудай, сенин сотторуң акыйкат жана калыс!
[8] Анан төртүнчү периште чөйчөгүндөгүнү күнгө жаба чачты. Күндүн оту ошол замат адамдарды куйкалай баштады. [9] Бардыгы анын ысыгынан куйкаланып, ушул балээлерди токтотуп коюга бийлиги жүргөн Кудайга каргыш айтышты. Эч кимиси ага кайрылып, анын улуу экендигин даңазалашпады.

АЯН 16.10–21
Акыркы үч балээ

[10] Анан бешинчи периште чөйчөгүндөгүсүн монстрдун тактысына жаба чачты. Монстрдун падышачылыгын караңгылык басып, андагылар ооруганына чыдабай тилдерин чайнашты. [11] Сыздаткан жараларынан улам алар көктөгү Теңирди каргап-шилешти, кылган иштеринен тобо кылышпады.
[12] Анан алтынчы периште чөйчөгүндөгүсүн улуу Ефрат дайрасына төктү эле ал какшып, күн чыгыштан келе турган падышаларга жол даярдалды. [13] Ушундан соң ажыдардын, монстрдун жана жалган пайгамбардын оозунан бакага окшош үч арам рух чыкты. [14] Булар жиндердин рухтары жана алар укмуштарды көрсөтө алышат экен. Алар жерди бийлеген падышалардын ар бирине барып, Кудайдын улуу күнүндө Кудуреттүү Кудайга каршы согушка үндөдү. ([15] Мына, мен ууру сыяктуу болуп келем. Сергек тургандар жана кийимин сак кайтаргандар бактылуу. Ошондо алар жылаңач калып, тегеректегилерге шерменде болбойт.) [16] Арам рухтардын үгүтү менен келген аскерлер еврейче Мегиддо Тоосу аталган жерге топтолушту.
[17] Ушундан соң жетинчи периштеге кезек келип, ал чөйчөгүндөгүсүн абага чачты. Ошондо ибадатканадагы тактыдан:
— Бүттү! — деген добуш чыкты. [18] Чагылгандар чартылдап, күн тарсылдап, адамзат тарыхында мурда болуп көрбөгөндөй күчтүү жер титирөө болду. [19] Улуу шаар үчкө бөлүнүп, башка калктардын калаалары урандыга айланды. Анан Кудай өзүнүн каарынын шарабы куюлган чыныны ичирүү үчүн Вавилонду чакырып алды.

[20] Аралдар чөгүп, тоолор жоголду. [21] Асмандан элүү килограммга чейин жеткен тобурчактар жаады. Акырында адамдар Кудайды сөгө башташты, анткени тобурчактардын ооруусу аларды ушунчалык оор болчу.

АЯН 17.1–8
Улуу Вавилон

[1] Анан бошотулган жети чөйчөктүн бирин кармаган периште менин үстүмө учуп келип, мага сүйлөдү.

— Бул жакка чыгып кел! — деди ал, — көп сандаган мухиттердин үстүндө олтурган жанагы чоң сойкуну Кудай кандайча жазалай тургандыгын мен сага көрсөтөм. [2] Жер жүзүндөгү падышалар аны менен бузукулук кылышты. Анын бузукулугу шарап сыяктуу болуп, жердегилердин баарын мас кылды.

[3] Ошентип, рухта периште мени чөлгө алып барды. Мен ал жактан кызыл монстрдун үстүндө олтурган баягы аялды көрдүм. Жырткычтын тулку-бою Кудайга акараат келтирген аттарга толуптур. Анын жети башы жана он мүйүзү бар экен. [4] Аял кызыл-тазыл кийим кийип, алтындан, кымбат баалуу асыл таштардан жана акактан жасалган билерик, сөйкөлөрдү тагынып алыптыр. Колунда кир, жийиркеничтүү иштери мелт-калт болуп куюлган чыны бар экен. [5] Ал эми маңдайында: «Жер жүзүндөгү бардык ыпластык менен бузукулуктун энеси болгон улуу Вавилон!» — деген жазуу бар эле. Бул — аялдын жашыруун аты. [6] Аялдын көрүнүшүн: «Иса үчүн жанын берген Кудай адамдарынын канын ичип, мас болгон аял!» — деп сүрөттөөр элем. Мен деңдароо болуп, аны таң кала, карап турдум. [7]

— Эмне мынчалык таң калдың? — деди ошондо мага баягы периште, — бул аял жана анын астындагы жети баш, он мүйүздүү периштенин сырын мен сага ачып берем. [8] Сен көргөн монстр бар болчу, бирок мындан ары жок болот. Ал туңгуюктан кайра чыгып, кыйроого кетет. Аалам жаралуу доорунан мурдатан эле ысымдары өмүр китебине жазылбагандардын баары ага таң калып, бир кезде бар болуп, бирок мындан ары жок боло турган монстрду тамаша кылып карашат.

АЯН 17.9–18
Монстр жана сойку

[9] Мында акылман жана кыраакы үчүн. Жети баш — бул аял олтурган жети дөбө. Ошондой эле жети падыша да бар, [10] алардын бешөө кулады, бирөөсү азыр тактыда олтурат, бирөөсү али келе элек. Ошонусу келгенде бир аз убакытка гана падышачылык кылат. [11] Сен көргөн бир кезде бар болгон, бирок мындан ары болбой турган монстр сегизинчи падышаны билдирет. Ал да жанагы жетөөнүн бири жана ал кыйроого кетет. [12] Он мүйүз болсо али бийликке келе эле он падышаны билдирет. Келишкенде монстр менен бирге аз эле убакыт башкарышат. [13] Ойлогон ойлору бир болуп, өздөрүнүн күчү менен бийлигин бүт бойдон монстрдун колуна өткөрүп беришет. [14] Бул падышалар кочкорго каршы согушка аттанышып, жеңилишет. Анткени кочкор — эгедерлердин Эгедери, падышалардын Падышасы. Анын менен жүргөндөр болсо тандалган, ишенимге бек адамдар.

[15] Сен көргөн сойку олтурган суулар болсо бардык улуттардан жана тилдерден чыккан элдер. [16] Жети мүйүз менен монстр бул уятсыз аялды жек көрүшөт. Көйнөгүн тытып, жылаңач калтырышат. Этин тытып жеп, ичеги кардын отко ташташат. [17] Падышаларга бир ой салып, алардын бийлигин монстрга

өткөрүп берүүнү чечкен — Кудай болчу. Ошондуктан алар Кудайдын айткандары
ишке ашканча бул кылган иштерин уланта беришет. 18 Сен көргөн аял — бул
дүйнө жүзүндөгү бардык падышаларды башкарып турган атактуу шаар.

АЯН 18.1–8
Вавилондун балээлери

1 Ушундан соң дагы башка бир периштенин улуу бийлик менен көктөн түшүп
келе жатканын көрдүм. Анын шаңына бүт жер жүзү жарык боло түштү. 2 Ошол
периште мындай деп кыйкырды:
— Улуу Вавилон кыйрады! Жин-шайтандардын турагына айланды! Ар
кандай кара күч менен ит-куштун уясы болуп калды! 3 Вавилондун бузуку шарабын
бүт элдер ичти! Жер жүзүндөгү падышалардын баары аны менен жатып чыгышты.
Бардык алып-сатарлар анын кооз нерселеринен байышты.
4 Анан мен асмандан дагы башка үндү уктум:
— Оо элим, Вавилондон качкыла! Анын күнөөлөрүнө аралашып, жазасын
бөлүшпөгүлө! 5 Анын күнөөлөрү үйүлгөндөн үйүлүп олтуруп, чокусу асманга жетип
калды. Анын кылган жамандыктарын Кудай эстеди! 6 Ал өзгөлөргө кандай кылса,
силер да анын өзүнө ошондой кылгыла! Кылган жаман иштери үчүн эки эселеп
төлөткүлө! Башкаларга ичирген шарабын эки эселеп туруп, өзүнө ичиргиле! 7 Ал
сайран куруп, лаззатка батты. Ошончолук шорун катырып, адебин колуна бергиле!
Ичинен: «Мен Ханышамын! Жесир эмесмин! Эч качан боздоп ыйлабайм!» дегени
үчүн 8 ал бир күнү азапка башы малынат! Ачарчылыктан жабыркап, ажалга
кабылат! Анын өлүк денеси отко салынат, анткени анын соттоочусу — Эгедер
Кудай кудуреттүү.

АЯН 18.9–24
Вавилондун соттолушу

9 Вавилон менен бузукулук кылган жана анын кумарларынан пайдаланган
падышалардын баары боздоп, анын өрттөнгөн тарпынан быкшыган түтүндү
көрүшкөндө өңгүрөшөт. 10 «Катыгын! Катыгын! Оо улуу шаар! Оо күчтүү шаар
Вавилон! Бир паста соттолуп, башыңа мүшкүл түштүбү!» — дешип, анын
азаптарынан үрөйлөрү учуп, алыстан карап турушат. 11 Ааламдагы
соодагерлердин баары шолоктошот, анткени эми мындан ары анын товарларын
эч ким сатып албайт. 12 Анын алтынын, күмүшүн, берметтерин, акактарын, ак
шайыларын, пушту кездемелерин, жибегин, кызыл-тазыл кийимдерин, жыпар
жыттуу чөптөрүн, пил сөөгү менен жыгачтан, калай, темир, мармардан жасалган
зергер буюмдарын, 13 атыр, эндик-упа, бет майларын, ичимдиктерин, оливка
майларын, унун, буудайын, уй, кой, жылкыларын, арабаларын, кулдарын, ал
тургай... адамдарынын жандарын да эч ким сатып албайт.
14 Көңүлүң көксөгөндүн баары сенден качып кетти! Бардык жыргалыңан,
лаззаттарыңан, шаң-салтанатыңан биротоло кол жуудуң! Эми эч качан аларды
кайрадан таба албайсың! 15 Ушуларыңды сатып, байлыкка тунган соодагерлер эми
азабыңды көрүп, үрөйлөрү учту. Боздоп ыйлап, өкүрүп: 16 «Катыгын! Карангын! Улуу
шаар эле! Кызыл-тазыл кийинип, алтындары жаркылдап, акак, бермет тагынып,
алчактаган шаар эле. Абалы зээнди кейитип, армандуу күнгө туш болду! 17 Алеки

саатын ичинде, бар байлыктан кол жууп, азаптуу күнгө туш болду!» — деп кошок
айтышты.
Бардык тажырыйбалуу кемечилер, кайыктары менен кирип-чыккандар,
бардык желкайыкчылар, бардык деңизде соода кылгандар алыста туруп, [18] анын
үстүнөн чыгып жаткан түтүндү көрүшкөндө: «Бул улуу шаардай шаар мурда эч
качан болгон эмес!» — деп катуу үшкүрүнүшүп, [19] өңгүрөп ыйлашып, баштарына
күл чачышып: «Оо кокуй күн, каран күн! Кайран гана улуу шаар! Шорго башы
малынды! Деңизден деңизге сүзүп, соода кылгандын баары, байлыгынан маарычу
эле. Алеки саатта баарынан айпылдык!» — дешет.
[20] Оо асман, сен буга сен кубан! Оо ыйыктар, элчилер жана пайгамбарлар,
силер буга шаттангыла! Анткени силерге кылган бардык жамандыктары үчүн
Кудай аны жазалады!
[21] Анан бир күчтүү периште килейген ташты алды да аны деңизге ыргытып
жиберди. «Улуу шаар Вавилон ушундай болуп, чалп этип кулайт да эч качан кайра
мурдагы калыбына келбейт! — деди ал. [22] — Эч качан анда арфанын, ырдын,
чоордун, сурнайдын үнү жаңырбайт. Эч качан ал шаарга ишкерлер дүкөндөрүн
ачышпайт. Ун тартылган тегирмендердин жаагы түбөлүккө жап болот. [23] Эч качан
анда шам жагылбайт, жубайлар бири-бирине ант беришпейт. Анын соодагерлери
бүт жер жүзүн бийлеп турушчу эле. Ал сыйкырчылыгы менен баардык калктардын
башын айланткан болчу. [24] Анын көчөлөрү Кудайдын адамдарынын,
пайгамбарларынын жана башка бардык өлтүрүлгөндөрдүн канына суугарылган
эле».

АЯН 19.1–10
Кудайдын жеңиши

[1] Ушундан соң көп адамдар көктөн кыйкырып жаткандай үн уктум.
— Аллелуя! — деп жатышты алар, — куткаруу, даңк, кудурет биздин
Кудайыбыздан! Анын соттору акыйкаттуу, адилеттүү! Ал жанагы жийиркеничтүү
сойкуну соттоду, анткени ал жерди бузукулугу менен булгады жана Кудайдын
кулдарынын канын төктү. Ошондуктан Кудай андан өч алды. [3] Анан баягы
адамдар дагы мындай деп кыйкырышты:
— Аллелуя! Бул сойкудан чыккан түтүн кылымдардан кылымдарга
басылбайт!
[4] Ушундан соң жыйырма төрт аксакал менен жети жаныбар чөгөлөп,
тактыда олтурган Кудайга табынышты.
— Оомийин! — дешти алар. — Аллелуя! [5] Анан тактыдан мындай үн чыкты:
— Кудайыбызга табынып, андан ыйбаа кылган улуу-кичүү кызматчылар!
Баарыңар аны даңктагыла! [6] Анан көп адамдардын кыйкырыгы, шаркыратманын
шаркыраганы, күндүн күркүрөгөнү — баары бир убакта чыккандай болгон үндү
уктум:
— Аллелуя! Биздин баарынан кудуреттүү Эгедер Кудайыбыз падыша болду!
[7] Ошондуктан кубаналы, жыргайлы, ага мактоо айталы, анткени кочкордун үйлөнүү
тою башталды жана анын колуктусу өзүн даярдады. [8] Ага жаркыраган ак шайы,
аземи кийим берилди. (Аземи кийим — бул Кудайдын ыйык адамдарынын
адилеттүү иштери.)
— [9] Муну жаз! — деди ал. — Кочкордун үйлөнүү тоюна чакырылгандар
бактылуу! Ал дагы мындай деп кошумчалады:
— Бул сөздөр Кудайдын акыйкат сөздөрү. [10] Мен анын бутуна жыгылып,
табынууга камындым.

— Кой, токтот мунуңду! — деди ал мага ошондо. — Мен сен сыяктуу жана Иса тууралуу кабар жарыялашкан башкалар сыяктуу эле Кудайдын кызматчысымын. Кудайга табын! (Иса тууралуу күбөлүк айткандардын баары пайгамбарчылыктын деми менен сүйлөшөт.)

АЯН 19.11–21
Монстрдун жеңилиши

11 Анан асман ачылып, ак ат минген бирөө көрүндү. Атчандын ысмы
Ишенимдүү жана Акыйкат экен. Ал адилеттүү соттойт жана согушат. 12 Көзү оттой
жалындап, башында көптөгөн таажылар бар. Анын жазылуу аты бар, бирок
маанисин өзүнөн башка эч ким билбейт. 13 Чапаны канга малынган анын аты
«Кудай Сөзү». 14 Артынан ак ат минген, таза кездемеден жасалган ак кийим кийген
асман кошуундары келатты. 15 Оозунан жер бетиндеги улуттарга каршы согуш ача
турган эки миздүү кылыч чыкты. Аларды темир таяк менен кайтарып, шиңгилдерин
шире сыга турган ороого тепселетип, кудуреттүү Кудай тааланын каарын көрсөтөт.
16 Анын чапанында жана этегинде: «падышалардын Падышасы, эгедерлердин
Эгедери» деген наам жазылган.
17 Ушундан соң күндүн үстүндө жалгыз өзү туруп алып, көктүн кап ортосунда
учуп бараткан канаттуу куштарга мындай деп кыйкырып жаткан периштени көзүм
чалды:
— 18 Бул жакка келгиле! Кудайдын улуу тоюна катышкыла! Падышалардын,
генералдардын, күчтүүлөрдүн, аттардын, атчандардын, кулдардын, чоңдордун
жана башкаларын этин жегиле! 19 Анан жанагы монстрду жана дүйнө жүзүндөгү
элдердин падышаларынын баарынын чогулуп турганын көрдүм. Алар ак атчан
менен анын кошуундарына каршы согушту. 20 Анан, монстр да, баягы жалган
пайгамбар туткунга түштү. Бул жалган пайгамбар монстрдун мөөрүн бастырып,
анын бурканына табындырыш үчүн монстрдун алдында укмуштарды көрсөтүп,
баарынын көзүн боёгон эле. Азыр болсо жырткыч да, бул жалган пайгамбар да
күйүп жаткан күкүрт көлгө ыргытылды. 21 Алардын калган колу ак боз атчандын
оозунан чыккан кылычтан кырылып, тарптары ит-кушка жем болду.

АЯН 20.1–6
Миң жылдык падышачылык

1 Анан асмандар түшүп келаткан периштени көрдүм. Колунда туңгуюктун
ачкычы менен чоң чынжыр бар экен. 2 А ажыдаарды кармап, миң жылга байлап
салды. Бул баягы иблис жана шайтан аталган карт жыландын өзү. 3 Анан периште
ажыдаарды туңгуюкка ыргытты. Ажыдаар кайрадан элдерин башын айлантпасын
үчүн миң жылга туңгуюктун оозун кулпулап, мөөр басып бекитип койду. Андан
кийин ал дагы бир аз убакытка бошотулууга тийиш.
4 Анан мен тактыларды көрдүм. Анда олтургандар сот жүргүзүүгө бийлиги
барлар эле. Ошондой эле Иса тууралуу айткандары үчүн жана Кудайдын кабарын
таратышкандыгы үчүн өлтүрүлгөндөрдүн жандарын көрдүм. Алар монстрга, анын
бурканына табынбагандар жана монстрдун мөөрүн колуна же чекесине
бастырбагандар эле. Алар тирилип, Машаяк менен бирге миң жыл бийлик
кылышты. 5 Калган өлүктөр миң жыл толук өткөнчө тирилишкен жок. Бул биринчи

тирилүү. [6] Биринчи тирилишкендер бактылуу жана ыйык адамдар! Экинчи өлүм алардын үстүнөн бийлик кыла албайт. Алар Кудайдын жана Машаяктын диний кызматкерлери катары алар менен бирдикте миң жыл падышачылык кылышат.

АЯН 20.7–15
Акыркы сот

[7] Миң жыл өткөн соң шайтан туткундан бошотулат. [8] Ал төгөрөктүн төрт бурчундагы элдерге барып, Гог менен Магогду алдап, аларды согушка алып чыгат. Алардын саны көл жээгиндеги кумдай көп болот. [9] Алар жер жүзүн аралап өтүп, Кудай адамдарынын турган жайы менен сүйүктүү шаарды тегеректешти. Ошондо көктөн от түшүп, алардын өрттөп кетти. [10] Анан алардын башын айланткан иблис мурда монстр менен жалган пайгамбар ыргытылган от менен күкүрт көлгө салынды. Алар күндүр-түндүр, түбөлүккө кыйналышат.

[11] Мен чоң ак тактыны жана андар олтурган бирөөнү көрдүм. Жер менен асман анын алдынан качышты жана аларга жай жок болду. [12] Мен ошондой эле улуу-кичүү дебей бардык өлүктөрдүн ошол ак тактынын алдында турушканын көрдүм. Китептер ачылды. Анан дагы бир китеп - өмүр китеби да ачылды. Өлгөндөр ошол китептерде жазылган иштерине жараша соттолду. [13] Деңиздер ичиндеги өлүктөрдү чыгарып берди. Өлүм менен Тозок да өздөрүндөгү өлүктөрдү ошентти. Ар бир өлүк кылган иши боюнча соттолду. [14] Анан Өлүм менен Тозок от көлгө ыргытылды. Бул экинчи өлүм, от көл. [15] Ысымдары өмүр китебинде жазылбагандардын баары от көлгө ыргытылды.

АЯН 21.1–5
Жаңы Асман, Жаңы Жер

[1] Анан жаңы асман менен жаңы жерди көрдүм. Биринчи асман менен биринчи жер өтүп кетти жана бир да деңизди көргөн жокмун. [2] Анан мен ыйык шаар — жаңы Иерусалимдин көктөн, Кудайдан, күйөөсүнө даярдалган колуктудай жасалгаланып, түшүп келатканын көрдүм. [3] Тактыдан бирөө бийик үн менен мындай деди:

— Карачы, Кудай адамдар менен чогуу жашоо үчүн келди! Кудай алар менен бир жашап, аларды өзүнө таандык эл кылат. Кудай өзү алардын жанында болуп, алардын Кудайы болот. [4] Кудай алардын бардык көз жашын сүртөт. Өлүм-житим, азап-кайгы, ыйлоо, сыздоо деген болбойт, анткени биринчи болгон нерселердин баары өтүп кетти.

[5] Тактыга олтурган мага сүйлөдү.

— Карачы, мен баарын жаңыртып жатам, — деди ал. — Жаз, анткени бул сөздөр чын жана ишенимдүү.

АЯН 21.6–21
Жаңы Иерусалим

[6] Анан ал мага мындай деди:

— Баары орундалды! Мен Альфа жана Омегамын, башталышы жана
акырымын. Суусагандардын баарына өмүр суусунун булагынан сууну бекер
берем. 7 Ушул белектерди жеңип чыкканга берем жана мен анын Кудайы болом,
ал болсо менин уулум болот. 8 Бирок суу жүрөктөр, ишенимсиздер, таза эместер,
канкорлор, бузукулар, сыйкырчылар, бутпарастар жана бардык калпычылар от
жана күкүрт күйгөн көлгө ыргытылат. Экинчи өлүм ушул.
9 Анан акыркы жети балээ толтурулган чакаларды кармаган жети
периштенин бирин көрдүм. Ал мага келип:
— Мага кел, сага колуктуну — кочкордун аялын көрсөтөйүн, — деди. 10 Анан
ал мени рухта абдан бийик чоң тоонун чокусуна чыгарды. Анан көктөгү Кудайдан
түшүп келаткан ыйык шаар — Иерусалимди көрсөттү. 11 Кудайдын шаңы аны
жаркыратып, сейрээк жана асыл акак таш сымал туптунук кылып турган эле. 12
Шаардын дубалы абдан бийик болуп, он эки дарбазасы бар экен. Ар бирин бирден
периште кайтарып турду. Дарбазалардын ар биринде Израилдин он эки уруусунун
бир аты жазылуу. 13 Дарбазалардын үчөөсү чыгыштан, үчөөсү түндүктөн, үчөөсү
түштүктөн, үчөөсү батыштан орун алган. 14 Шаардын дубалы он эки пайдубалдын
үстүнө курулуптур. Ар бир пайдубалга кочкордун он эки элчисинин бирөөсүнүн аты
жазылыптыр.
15 Мага сүйлөгөн периштенин колунда алтындан жасалган ченегичти
көрдүм. Бул ченегич менен ал шаарды, анын дарбазаларын жана сепилин ченеши
керек болчу. 16 Шаардын узун-туурасы бирдей узундуктагы төрт бурчтук
формасында эле. Периште ченегичи менен ченеп чыкты эле узуну, туурасы,
бийиктиги он эки миң стадиа болду (2250 км). 17 Шаардын сепили болсо адамдын
ченеми менен (периште ушундай ченемди колдонду) жүз кырк төрт чыканактай
чыкты. 18 Сепилдин материалы яшмадан, шаардын өзү айнектей тунук таптаза
алтындан салыныптыр. 19 Он эки пайдубалдын ар бири асыл таштан жасалган
эле. Биринчиси тунук яшмадан, экинчиси көк сапфирден, үчүнчүсү агыш
халкедондон, төртүнчүсү жашыл зымырыттан, 20 бешинчиси кыпкызыл
сардоникстен, алтынчысы кызыл-жашыл нур чачып, жылтылдап турган акак
таштан, жетинчиси саргыч кварцтан, сегизинчиси көгүлтүр бериллден, тогузунчусу
сары топаздан, онунчусу алтындын түсүнө окшогон кымбат баалуу таштан, он
биринчиси көгүш хиацинттен, он экинчиси көпкөк аметисттен экен. 21 Он эки
дарбазанын ар бири чылк берметтен, шаардын көчөлөрү күзгүдөй тунук, таза
алтындан жасалыптыр.

АЯН 21.22–22.7
Кудай жана Кочкор жаңы шаарда

22 Шаардын ичинен ибадаткана көзүмө урунбады, анткени анын
ибадатканасы — бул баарынан кудуреттүү Эгедер Кудай менен кочкор. 23 Шаар
күнгө да, айга да муктаж эмес экен, анткени Кудайдын даңкы жаркыраган нур
чачып, кочкор чырак болуп жанып турду. 24 Элдер ошол шаардын жарыгында
жашап, падышалар өздөрүнүн байлыгын алып келишет. 25 Шаардын дарбазалары
күндүз эч жабылбайт жана ал жакта түн болбойт экен. 26 Элдер өздөрүнүн даңкын
жана намысын анын ичине алып келишет. 27 Эч бир ыйыкталбаган нерсе ал жакка
эч качан киргизилбейт. Кара ниеттер менен калпычыларга ал жактан орун жок. Ал
жакта кочкордун өмүр китебине аты жазылгандар гана киришет.
22[1] Анан периште мага өмүр сууссунун дарыясын көргөздү. Ал кристалдай
жалтылдап, Кудай менен кочкор олтурган тактыдан чыгып, 2 шаардын борбордук
көчөсүнүн кап ортосунан агып жатты. Дарыянын эки жээгинде тең өмүр дарагы
өсүп турду. Ал он эки айда он эки түр жемиш берип, жалбырактары болсо элдерди

айыктырат экен. [3] Шаарда каргышка калган эч нерсе болбойт, анткени анда Кудай менен кочкордун тактысы орун алып, ага кызматчылары табынышат. [4] Алар анын жүзүн көрүп турушат жана анын аты алардын чекелеринде болот. [5] Эч качан түн кирбейт, эч ким чыракка же күнгө муктаж болбойт, анткени Эгедер Кудай аларга жаркыраган нурун төгүп, түбөлүктөн түбөлүккө падышачылык кылышат.

— [6] Бул чын сөз, — деди ал, — пайгамбарлардын рухтарынын Кудайы болгон Эгедер жакында боло турган нерселерди өз өз кулдарына ачып берүү үчүн периштесин жиберди. [7] Кара, мен жакын арада келем. Бул китептеги пайгамбарчылык сөздөрдү сактагандарга Кудайдын батасы тиет.

АЯН 22.8–21
«Мен жакында келем!»

[8] Мен, Жакан, ушул нерселерди уккан-көргөн кишимин. Мен аларды укканымда жана көргөнүмдө табынайын деп мага ушуларды көрсөткөн периштенин алдына жүзтөмөндөп куладым.

— [9] Кой, мындай кылба! — деди ошондо мага ал. — Мен сенин, сенин бурадарларыңдын, бул китепте жазылгандарга моюн сунгандардын кызматташыңармын. Кудайга табын! [10] Бул китептеги пайгамбарчылыктарга мөөр баспа. Убакыт аз калды. [11] Адилетсиздер адилетсиз бойдон кала беришсин, кара ниеттер кара ниет боло беришсин, ал эми адилдер болсо адилеттигин улантышсын, ыйыктар ыйык бойдон кала беришсин.

— [12] Мен жакын арада келем! — деди ал сөзүн улап, — сыйлыктарымды кошо ала келем, ошондо ар ким кылган ишине жараша тиешелүү энчисин алат. [13] Мен Альфа жана Омегамын, биринчи жана акыркы, башталышы жана аягымын.

[14] Кийимдерин жуугандар бактылуу. Алар өмүр дарагынан жегенге укуктуу болушат жана жанагы шаардын дарбазасынан кире алышат. [15] Ал эми иттер, сыйкырчылар, адепсиздер, бутпарастар, жалган сүйлөп, туура эмес иштерди айткандардын баары сыртта калат.

— [16] Мен, Иса, ушулардын баарын жамааттарга айтып, силерге маалым кылуу үчүн силерге периштемди жөнөттүм. Мен Дөөттүн тамырымын жана тукумумун. Мен жаркыраган таң жылдызымын.

[17] Рух жана колукту: «Кел!» — дешет. Муну уккандардын баары: «Кел!» — дешсин. Суусагандар келсин! Өмүр суусун ичкиси келгендер келсин да бекер алсын!

[18] Бул китептин пайгамбардык сөздөрүн уккандарга бир нерсени күбөлөндүрөм: эгерде кимде ким аларга бир нерсе кошо турган болсо, анда Кудай ушул китепте жазылган балээлерди ага кошот. [19] Эгерде кимде ким бул андан кемитсе, анда Кудай аны бул китепте жазылган өмүр дарагынан энчисин жана ыйык шаарга кирүүгө берилген укуктан айрыйт.

[20] Ушул сөздөрдү айткан:

— Мен жакында келем! — дейт.

— Оминь! Кел, Эгедер Иса.

[21] Эгедер Исанын ырайымы баарыңар менен болсун!